Педагогикалык кеңеш тарабынан
кабыл алынган
Протокол № 1 «1» 09 2021-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси ______ Иманалиева Л.М..
«1» 09 2021-ж.

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин башталгыч классатарынын "Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылынын иш планы.**

| № | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 1. Усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылындагы иш планын талкуулоо<br>2. Календарлык план менен таанышуу, бекитүү.<br>3. Жаш мугалимдерге насаатчы коюу. | Август | УБнын мүчөлөрү |
| 2 | 1. 15-сентябрь "Ата Журтум-асыл мекеним" билим күнү<br>2. "Жолдо жүрүүнүн эрежеси" кл.саат.<br>3. Тил майрамына арналган кл.саат өткөрүү. | Сентябрь | Кл.жетекчилер |
| 3 | 1. Дептер, журнал, күндөлүктөрдү текшерүү.<br>2. "Окуу керемет" долбоорун ишке ашыруу.<br>3. Билим сапатын текшерүү. | Октябрь | Дыйканбаева Н.Т. |
| 4 | 1. Жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө, ишин кароо.<br>2. Жаш мугалимдер менен иштөө.<br>3. Ачык сабак өткөрүү. | Ноябрь | Кл.жетекчилер |
| 5 | 1. 12-декабрь-"Улуттук адабият күнүн" өткөрүү.<br>2. Таланттуу окуучулар менен иштөө.<br>3. Жаны жылдык балаты.<br>4. Жарым жылдык билим сапатын чыгаруу. | Декабрь | Кл.жетекчилер |
| 6 | 1. Жугуштуу оорулардан сак бол!<br>2. Ачык сабактарды өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу.<br>3. Дептер, журнал, күндөлүктөрдү текрешүү. | Январь | Кл.жетекчилер |
| 7 | 1. Окуучулардын билим деңгээлин текшерүү. 3-класс.<br>2. "Окуу керемет" долбоору<br>3. 23-февраль-"Мекен | Февраль | Дыйканбаева Н.Т.<br>УБнын мучолору<br>Ул.жетекчилер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | коргоочулар" күнүнө карата тарбиялык сааттар. "Жоокер мекен сакчысы".<br>4. Өтүлгөн иш чарага анализ. | | |
| 8 | 1. Ак калпак-Ала-Тоо символу кл.саат. 5-март.<br>2. 8-март-"Алтын Апа" майрамын өткөрүү.<br>3. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү.<br>4. Нооруз-2022 | Март | Кл.жетекчилер Дыйканбаева Н.Т. |
| 9 | 1. 7-апрель эскерүү күнү<br>2. Райондук "Эрудит" олимпиадага катышуу<br>3. "Окуу керемет" долбоору<br>4. "Алиппе" майрамы | Апрель | Кл.жетекчилер Дыйканбаева Н.Т. |
| 10 | 1. 9-май-"Жеңиш күнү" тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>2. 4-класс "Коштошуу кечеси"<br>3. Билим деңгээлинин жыйынтыгын мониторинг жүргүзүү.<br>4. "Жаратылыш жан досум" экскурсия | Май | Кл.жетекчилер Дыйканбаева Н.Т. Аблаева Ч. Кулчаева Н. |

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**башталгыч класстарынын**

**"Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылына**

**карата аткарылган иш-чараларына талдоо**

Усулдук бирикмеде 6 мугалим иштейт.

1.Дыйканбаева Н.Т - 0, 1-класстын класс жетекчиси

2. Омурбаева Ж.К - 2-а класс

3. Абдылдаева Р.С. - 2-б класс

4.Таштанбекова А.Т - 3- класс

5. Аблаева Ч.А. 4- б класс

6. Кулчаева Н.К 4-а класс

Методикалык тема: Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана мотивациялоо.

1.Усулдук бирикменин максаты-

Балдарды китеп окууга кызыктыруу .Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү ,

Кызыгуусун камсыз кылып, аларды колдоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү

2. Милдети-

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча,практика жүзүндө ишке ашыруу,андан ары өнүктүрүү.

3. Күтүлүүчү натыйжа-

Тамгаларды билүү, алфавитти таануу. Фонемаларды кабыл алуу. Шар окуу.

Бул окуу жылында бирикмеде бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлдү.

Ар бир класс жетекчи пландын негизинде иш жүргүзүп жатышты.

Бирге окуйбуз долбоору боюнча бир топ кызыктуу класстык жана ачык сааттар өтүлдү.

Ар бир майрамга арналган иш-чараларда башталгыч класстын окуучулары жана мугалимдери активдүү катышты.

Окуучулардын дептерлери өз убагында текшерилип турат.

Класс жетекчилер усулдук бирикме жетекчиси менен дайыма тыгыз байланышта.

**Август.** Усулдук бирикменин планы менен жетекчи Дыйканбаева Н. тааныштырды. Бирикменин мүчөлөрү өз ойлорун айтып талкуулашты. Бир жылга коюлган иш чаралар, класстык, тарбиялык сааттар өз мөөнөтүндө аткарууну убада алышты. Календарлык планда өзгөрүүлөр болду. Быйыл адеп, ТТКН, сабактары биригип мекен таануу сабагы болуп, жумасына 2 саат өтүлөт. Ар мугалимдин календардык планы кайрадан иштелип чыкты. Жаш мугалимге насаатчы бекитилди.

**Сентябрь.** 15-сентябрь "Билим күнүнө" ар бир класс "Ата Журтум-асыл мекеним" деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү. Мамлекетик тилге карата тарбиялык сааттар өтүлдү, окуучулар өзүлөрүнүн таланттарын көргөзө алышты, жолдо жүрүү эрежеси боюнча тарбиялык сааттар өтүлдү. Өзүн кандай алып жүрүү жөнүндө балдар кеңири маалымат алышты.

**Октябрь.** Карылар күнүнө карата класс жетекчилер "Карысы бардын - ырысы бар" жана мугалимдер күнүнө карата "Мугалим –мөмөлүү дарак" деген темаларда тарбиялык сааттарды өтүштү. 2-4-класстардын дептер, күндөлүктөрү жана окуу китептерине текшерүү жүргүзүлдү. "Окуу керемет" долбоорун ишке ашыруу алкагында ар бир мугалим өтүлгөн стратегияларды колдонуп ачык сабак көрсөтүштү.

**Ноябрь.** сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулардын тизмесин тактап, алардын ата-энелери менен биргеликте иш алып барууну жана кошумча сабактарды өтүүнү сунушталды. Жаш мугалимдердин иш тажрыйбасын кеңейтүү максатында улуу муундагы эжей-агайлардын сабактарына кирип жаңы методдор менен таанышып турушат.

**Декабрь.** 3-декабрь "Майыптар күнүнө" карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Окуучулар арасында "Манас" күнүнө манас жана көркөм айтуу боюнча жарышуулар болуп өттү. Улуттук адабият күнүндө окуу фестивалы болду.

Айдын аягында "Балаты" майрамы болуп, окуучулар аяз атадан белектерин алышып, үйлөрүнө көңүлдүү кайтышты.